**Койлубаева Айнура Кадырбаевнанын "Кыргыз тили" окуу китебин түзүүнүн лингводидактикалык негиздери" (5-класстын мисалында) аттуу темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишине**

# РАСМИЙ ОППОНЕТТИН ПИКИРИ

Илимий жетекчиси п.и.д., профессор Добаев Кыргызбай Дүйшөнбекович. Иш К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасында аткарылган. Диссертация 181 беттен турат

**I. Темаиын адистикке дал келиши.**

А.К.Койлубаеванын "**Кыргыз тили" окуу китебин түзүүнүн лингводидактикалык негиздери" (5-класстын мисалында)** деп аталган эмгеги өзүнүн объектиси, предмети, мазмуну жана изилдениш багыты боюнча 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигине туура келет.

**II. Теманын актуалдуулугу.**

Кыргыз тили эне тили катары өзүнчө предмет болуп окутулуп келе жатканына бир кылымдан ашты. Албетте, бул убакыт аралыгында эне тилди орто мектептерде окутуу боюнча белгилүү тажрыйбалар топтолуп, ийгиликтер жаралды, окутуунун бир катар натыйжалуу жана алгылыктуу салттары калыптанды, көптөгөн теориялык жана практикалык маселелер ийгиликтүү чечилди. Илимий-методикалык эмгектер жазылып, диссертациялык иштер корголду. Ошол эле учурда окутуу иштери боюнча иштелип чыккан нормотивдик документтер, айрыкча, окуу программалары, аларга ылайык окуу китептери олуттуу озгөрүүлөргө толуктоолорго учурады. Кыргыз тилин окутуунун методикасы педагогика илиминин бир тармагы катары калыптанды, өнүктү.

Кыргыз тилин окутуунун максаты менен мазмуну айрым тактоолорго, толуктоолорго дуушар болду. Бирок кыргыз тилинен билим берүүнүн негизги формасы болгон сабак менен кыргыз тилин окутуунун негизги каражаты болгон окуу китеби өз ордунда, өз фуңкцияларын аткарып кала берди. Албетте, сабак дагы, окуу китеби дагы мазмундук, структуралык, дидактикалык жактан өзгөрүүлоргө учурады.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 25 08 01 2021

Бүгүнкү педагогикалык технологиялардын өнүккөн мезгилинде да окуу китеби окутуунун негизги жана ийкемдүү каражаты катары таанылып, кеңири колдонулуп келе жатат.

Кыргыз тилин эне тили катары орто мектептерде окутууну мезгил талабына ылайык жүргүзүү үчүн окутуунун мамлекеттик-предметтик стандарты кайрадан түзүлүп, ага жараша окуу программасы жаңыдан иштелип чыкты. Программалык талаптарды ишке ашырууда негизги булагы катары кыргыз тили окуу китептеринин жаңы муундагы окуу китебин иштеп чыгуу зарылдыгы пайда болду. Жаңы муундагы кыргыз тили окуу китептеринин заманбап талаптарга ылайык иштеп чыгуу үчүн, баарыдан мурда, окуу китебин түзүүнүн лингводидактикалык негиздерин аныктап алуу маселеси алдыңкы орунга чыкты.

Кыргыз тили окуу китебинин лингводидактикалык негиздерин аныктоо, колдонууга сунуш кылуу педагогика илиминде өзүнчө диссертациялык изилдөөнүн предметине алына элек. Бул биринчиден. Экинчиден, кабыл алынган кыргыз тилин окутуунун предметтик стандарты, ага ылайык жаңы иштелип чыккан окуу программасы кыргыз тили окуу китебинин мазмунуна, түзүлүшүнө дидактикалык жабдылышына олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизүү толуктоолорду жүргүзүү талабын койду. Кыргыз тили окуу китебине коюлуп жаткан талаптарга ылайык окуу китебинин заманбап лингводидактикалык негиздерин иштеп чыгуу изилдөөнүн темасынын актуалдуулугун_тастыктап турат.

## III. Диссертациялык иштин илимий жыйынтыктары

Иш бул багыттагы кийинки изилдөөлөр үчүн олуттуу мааниге ээ боло турган, илимий-методологиялык мүнөздө негизделген төмөнкүдөй жыйынтыктарга ээ.

**1-жыйынтык**. “Кыргыз тили” окуу китебин иштеп чыгуунун теориялык жана практикалык жалпы маселелери багытындагы жана окуу китебин иштөөгө коюлуп жаткан азыркы талаптар, алардын аткарылышы, келечегине байланыштуу тарыхый жана тилдик фактылардын обзордук мүнөзү өз алдынчалуу илимий методологиялык көз караштa терең жана жеткиликтүү сыпатталган (1.1., 1.2., 1.3.).

**2-жыйынтык.** Кыргыз тили боюнча билим берүү процессин уюштурууну активдештирүүнүн формалары өзгөчө мааниге ээ болот. Сабакка коюлуп жаткан азыркы талаптар жалпылаштырылып, алардын негизгилери көрсөтүлүү менен, кыргыз тили боюнча өтүлүүчү ар бир сабак-мугалимдин билимине, тажрыйбасына, окутууга жасаган мамилесине,

чыгармачылыгына негизделген, окуучу менен биримдикте бир максатты көздөгөн бирдиктүү ишмердик экендиги туура көрсөтүлгөн (2.1., 2.2.).

**3-жыйынтык.** Окутуунун методу объективдүү жана субъективдүү суроо-талаптарга, жагдай-шарттарга жараша аныкталуучу өтө татаал педагогикалык кубулуш. Методдун дидактикалык табияты, окутуу процессиндеги майнаптуулугу көптөгөн маселелердин комплекстүү каралышы аркылуу туура белгиленип, алардын негизгилери көрсөтүлөт, аргументтештирилет (2.2., 2.3.).

**4-жыйынтык.** Педагогикалык экспериментти сапаттуу жана натыйжалуу жүргүзүү үчүн педагогикалык, методикалык, статистикалык, дидактикалык талаптарды жана аны жүргүзүү этаптарын так аныктап, байкоо жүргүзүү, изилдөө этабы, аныктоо этабы, текшерүү жана жыйынтыктоо этаптарындагы тыянактар ишенимдүү чыгарылган (2.3.).

**5-жыйынтык.** “Кыргыз тили” окуу китебинин лингводидактикалык негиздери ишенимдүү аныкталып, окуу китебинин мазмуну менен түзүлүшүнө коюлган талаптар, алардын аткарылыштары, окуу китебинин мазмунунда тилдик жана коммуникативдик компетенцияларды өркүндөтүүгө карата материалдардын берилиши илимий-методологиялык талаптарга ылайык иштелип чыккан (3.1., 3.2., 3.3.).

## IV. Диссертациядагы илимий жыйынтыктардын негизделиши жана ишенимдүүлүгү

**1-жыйынтык** “Кыргыз тили” окуу китебин түзүүнүн тархында жарык көргөн окуу китептерине талдоо жүргүзүү аркылуу, кыргыз тили окуу китептерине байланыштуу илимий-теориялык жана илимий-методологиялык ойлорго өз баасын берүү, баалоо менен жекече көз карашта чыгарылган.

**2-жыйынтык** педагогиканын жалпы методологиясы таалим-тарбия берүү процесси адамдардын этникалык өзгөчөлүктөрүнө да көз каранды экенинен, азыркы учурда эне тилди окутуунун теориялык жана методологиялык проблемаларын улуттук этнопедагогика, этнолингвистика, этномаданият, этика, эстетикалык ж.б. дүйнө таанымдар менен жаңылоо маселесинин актуалдуулугунан келип чыккан.

**3-жыйынтык** бүгүнкү күндөгү билим берүү процессинде, педагогикада мезгил талабына шайкеш окутуунун активдүү методдорун жана формаларын табуунун актулдуулуганан келип чыккан. Демек, окутуунун инновациялык талаптарына ылайык интерактивдүүлүк даяр билимдерди берүүнү (алууну) эмес, изденүү, биргелешкен иш-аракет аркылуу берилген билим боюнча белгилүү бир нече тыянак чыгарып, жеке көндүм иштелип

чыгышын камсыз кылуучу максаттуу иш-аракеттердин жыйындысынан алынган.

**4-жыйынтык** педагогикалык эксперименттер жана алардын жыйынтыктарынан алынып, эксперименттик изилдөөдөгү талаптар, алардын аткарылышы, изилдөөнүн натыйжалуулугун бекемдөө максатындагы суроо-жооп, аңгемелешүү жана проблеманы чечүүгө карата пикир алышуунун негизинде келип чыккан.

**5-жыйынтык** кыргыз тилин окутуунун мазмунунда аталган компетенцияларды калыптандыруучу, өнүктүрүүчү мазмундун болушун зарылдыгынан, мазмундун өзүн коммуникативдик, тилдик жана маданияттаануучулук деп үч топко бөлүүдөн, кыргыз тилин окутуу ишин мазмундук жактан жаңылоо менен, бүгүнкү күндүн талабына ылайык инновациялык методдорду практикалоо, улуттук жана дүйнөлүк баалуулуктарга таянуу менен, жогорку деңгээлге көтөрүүдөн улам келип чыккан.

## V. Диссертациялык иштеги илимий жыйынтыктардын жаңылык деңгээли

**1-жыйынтык** жарым-жартылай жаңы болуп саналат. Анткени окуу китептерге анализ жүргүзүп, аларды талдоого алуу бизге чейин эле колго алынып, илимий-методологиялык адабияттарда аныкталган.

**2-жыйынтыкты** жаңы деп эсептөөгө болот, анткени кыргыз тили боюнча билим берүү процессин уюштурууну активдештирүүнүн формалары, 5-класста кыргыз тили боюнча өтүлүүчү азыркы сабактардын моделдери бүгүнкү күндүн талабына ылайык алгачкы ирет иштелип чыккан.

**3-жыйынтыкты** жаңы деп эсептөөгө болот, себеби кыргыз тилин 5-класста окутууда колдонулуучу салттуу жана инновациялык методдор жана ал сабактардын үлгүлөрү алгачкы ирет иштелип чыгып, талдоого алынган.

**4-жыйынтык** жарым-жартылай жаңы болуп саналат, анткени эксперименттик жумуштар буга чейин да кыргыз тили боюнча мектептерде аткарылып келет.

**5-жыйынтыкты** жаңы деп эсептөөгө болот, себеби кыргыз тили окуу китебинин лингводидактикалык негиздери алгачкы ирет иликтөөгө алынып, окуу китебине коюлуучу дидактикалык талаптар жана окуу китебинин мазмунунда тилдик, коммуникативдик компетенцияларды берүү маселелери бул иште алгач ирет сөзгө алынган.

## VI. Алынган жыйынтыктардын ички биримдигин баалоо

Изилдөөдө алынган жыйынтыктар ички биримдикке, улантуучулук мүнөзгө, логикалык ырааттуулукка, маани-маңыздык байланыштуулукка ээ.

## VII. Алынган жыйынтыктардын тиешелүү актуалдуу проблемага, теориялык же колдонмо маселеге багытталышын баалоо

А.К.Койлубаеванын диссертациялык иши педагогика илиминде буга чейин изилдөөгө алына элек маселеге, башкача айтканда, 5-класстар үчүн кыргыз тили окуу китебин түзүүнүн лингводидактикалык, методологиялык негиздерине иликтөө жүргүзүү менен, окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 5-класстар үчүн кыргыз тили окуу китебин түзүүгө, бул багытта коюлуп жаткан бүгүнкү күндүн талаптарын аткаруу жана келечегин аныктоого багытталган. Ошондуктан диссертациянын жыйынтыктары, материалдары, жоболору илимий-изилдөөчүлүк, илимий-методологиялык, билим берүүчүлүк, практикалык мааниге ээ.

## VIII. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, бүтүмдөрүнүн жетиштүү санда жарык көрүшү

Диссертациялык изилдөөдөн алынган негизги жыйынтыктар, көрсөткүчтөр, бүтүм-корутундулар КР ЖАКнын тизмесине кирген же индекстелген системага кирген басылмаларда диссертанттын жеке авторлугу менен жарык көргөн 9 макалада жана министрликтин грифи менен жарык көргөн 3 окуу китебинде жана 4 окуу-методикалык колдонмосунда чагылдырылган.

## IX. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши

Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаты менен милдеттерине шайкеш келет. Авторефератта диссертациянын кеңири идеялары, жыйынтыктарынын жазылышы, автордун кошкон салымы, жаңылыгынын даражасы, изилдөөнүн практикалык баалуулугу көрсөтүлгөн. Авторефератка коюлуучу талаптар толук сакталган.

## X. Диссертациянын мазмунунда жана жасалгаланышында кезиккен айрым мүчүлүштүктөр.

Диссертациянын жана авторефераттын мазмунунда, жасалгаланышында орун алган төмөнкүдөй айрым жагдайлар боюнча сын-пикир, сунуш айтууга болот.

1. Текст ичинде шилтемелерди берүүдө бирдейлик сакталбай калган, айрым шилтемелерде автор, эмгектин чыккан жылы, бети көрсөтүлсө, айрымдарында автор, эмгектин чыккан жылы, айрымдарында болсо, эмгектин аталышы, бети көрсөтүлгөн.
2. Диссертациялык эмгекте орфографиялык каталар кездешет: Караңыз:*чечилүгө* (46), *сүйлөшүнү* (123)

## XI. Диссертациянын КР ЖАКтын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун” талаптарына ылайык келиши

**Койлубаева Айнура Кадырбаевнанын “Кыргыз тили” окуу китебин түзүүнүн лингводидактикалык негиздери” (5-класстын мисалында)** аттуу диссертациясы КР ЖАКнын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына жооп берет, ал эми анын автору 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Расмий оппонент, педагогика

илимдеринин доктору, профессор: Чыманов Ж.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

**Койлубаева Айнура Кадырбаевнанын 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринии кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган "Кыргыз тили" окуу китебин түзүүнүн лиигводидактикалык негиздери" (5-класстыи мисалында) аттуу диссертациялык ишине**

## РАСМИЙ ОППОНЕТТИН ПИКИРИ

Диссертациялык эмгек окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 5-класстары үчүн "Кыргыз тили" окуу китебин иштеп чыгуунун теориялык жана практикалык маселелерин, кыргыз тилин окутуунун методологиялык жана лингводидактикалык негиздерин камтып турат. Ушулардын негизинде төмөнкүлөрдү белгилейбиз: Илимий жетекчиси п.и.д., профессор Добаев Кыргызбай Дүйшөнбекович. Иш К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасында аткарылган. Диссертация 181 беттен турат

**I.Теманын адистикке дал келиши**

Кыргыз тили предметинин сапатын жогорулатуу үчүн, адегенде, окуу китептеринин сапатын жогорулатуу, алгылыктуу методика менен жазып чыгаруу милдети айрыкча маанилүү. Койлубаева Айнуранын "Кыргыз тили" окуу китебин түзүүнүн лингводидактикалык негиздери" (5-класстын мисалында) деп аталган эмгеги өзүнүн объектиси, предмети, мазмуну жана изилдениш багыты боюнча 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигине дал келет.

**II. Теманын актуалдуулугу**

Бүгүнкү педагогикалык технологиялардын өнүккөн мезгилинде окуу китеби окутуунун негизги жана ийкемдүү каражаты катары таанылып кеңири колдонулуп келе жатат. окуучулар эң негизги билимди кайсы гана предмет болбосун, окутуунун каражаты болгон окуу китебинен алышат. Андыктан балдардын толук кандуу билим алышына сапаттуу, учурдун суроо-талаптарын камтыган, балдарга ар тараптуу, терең билим алышына шар түзгөн окуу китебин түзүү учурдун талабы. Кыргыз тилин эне тили катары орто мектептерде окутууну мезгил талабына ылайык жүргүзүү үчүн окутуунун мамлекеттик-предметтик стандарты кайрадан иштелип, ага жараша окуу программасы жаңыдан түзүлүп чыкты. Программалык талаптарды ишке ашыруунун негизги булагы катары кыргыз тили окуу китептеринин жаңы муундагы окуу китебин иштеп чыгуу зарылдыгы келип чыкты. Жаңы муундагы кыргыз тили окуу китептерин заманбап талаптарга



И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 26 «18» 01 2021

ылайык иштеп чыгуу үчүн, эң негизгиси, окуу китебин түзүүнүн лингводидактикалык талаптарын аныктоо маселеси каралды.

Мына ушул өңүттөн алганда, А.Койлубаеванын изилдөөсүнүн актуалдуулугу “Кыргыз тили” окуу китебине коюлуп жаткан талаптарга ылайык 5-класстын мисалында заманбап лингводидактикалык негиздери иликтөөгө алып жатканы менен шартталат.

## III. Диссертациялык иштин илимий жыйынтыктары

Иш бул багыттагы кийинки изилдөөлөр үчүн олуттуу мааниге ээ боло турган илимий-методологиялык мүнөздөгү төмөнкүдөй жыйынтыктарга ээ.

**1-жыйынтык.** “Кыргыз тили” окуу китебин иштеп чыгуунун теориясын иштеп чыгуунун негизги багыттары так белгиленген; окуу китебин мектеп окуучуларына инновациялык технологиялардын негизинде түзүү - бүгүнкү күндүн талабы экени белгиленип, анын жолдору иштелип чыгып, дидактикалык талаптар аныкталып, алар билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк жана тарбия берүүчүлүк багыттарды көздөйт. Кыргыз тили окуу китебин окуп-үйрөнүү үчүн окуу материалдарын тандоодо жеке предметке тиешелүү дидактикалык принциптер берилип, ушуга ылайык кыргыз тили окуу китебинин функциялары белгиленип, методикалык аппараты ишенимдүү түзүлгөн

**2-жыйынтык.** Кыргыз тилин окутуунун методологиялык негиздери так аныкталып, изилдөөнүн объектиси менен предметине ылайык изилдөөнүн максаты менен милдетин ийгиликтүү ишке ашыруу максатында бир катар натыйжалуу деп эсептелген салттуу жана инновациялык изилдөө методдору колдонулган. Изилдөөнүн натыйжалуулугун бекемдөө максатында анкета алуу, суроо-жооп методдору колдонулган

**3-жыйынтык.** Педагогикалык эксперимент методу республиканын бардык аймактары боюнча жалпы билим берүүчү 87 орто мектепте жүргүзүлүп, ар бир областтагы мектептен бир текшерүүчү жана бир эксперимент класстар тандалып алынган. Эксперименттик иштер практикада кеңири жайылтылган үч этапка бөлүнүп жүргүзүлгөн: биринчи байкоо, изилдоо этабы; экинчи аныктоо этабы; үчүнчү текшерүү жана жыйынтыктоо этабы. Ошентип, эксперимент үч этапта ишке ашырылган

**4-жыйынтык.** Кыргыз тили окуу китебинин түзүлүшү, функциясы, камтылган окуу материалдары, окуу-методикалык аппараты, дидактикалык каражаттары, көнүгүүлөр системасы ж.б. элементтери жөнүндөгү маселелердин окуу процессине тийгизген таасири талдоого алынат. Анткени

окуу китебин өркүндөтүүгө, жакшыртууга болгон иш-аракеттердин натыйжасы түздөн-түз окуу процессине таасир этет.

## IV. Диссертациядагы илимий жыйынтыктардын негизделиши жана ишенимдүүлүгү

**1-жыйынтык.** Кыргыз тили окуу китебин иштеп чыгуунун тарыхы, жалпы багыттары боюнча жазылган эмгектерге талдоо жүргүзүү аркылуу, инновациялык технологиялардын колдонулушу, дидактикалык принциптер жана окуу китебинин функциялары боюнча өз баасын берүү, баалоо менен жекече көз карашта чыгарылган.

**2-жыйынтык.** Илимий-методикалык эмгектерди талдоо методу, байкоо жана аңгемелешүү методу, салыштыруу, жалпылоо методу, анкета алуу жана суроо-жооп методдору, талдоо жана анлдиздөө методдорунун негизинде чыгарылган.

**3-жыйынтык.** Педагогикалык эксперимент методу аркылуу ишке ашырылып, констатациялоочу аныктоо этабында (2011-2012-окуу жылдар) билим деңгээлдерин байкоо жана жалпылоо методдору колдонулган. Кыргыз тили окуу китебинин мааниси, орду жана мазмуну тууралуу практик мугалимдердин пикирлери боюнча анкета түзүлүп, жыйынтыктар так чыгарылган; Педагогикалык эксперименттин үйрөтүүчү жана окутуучу этабында (2013-2015-окуу жылдар) тилдик жана кептик көнүгүү, машыгуу жумуштары, оозеки, жазуу иштери аркылуу окуу китебинин кол жазмасы республиканын аймактары боюнча сыноодон өткөрүлгөн; Педагогикалык эксперименттин текшерүүчү, жыйынтыктоочу этабында (2016-2017-окуу жылдар) жыйынтыктоочу жана эксперименталдык топтордун өздөштүрүү деңгээлдеринин сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрү диаграммалар менен ишенимдүү чыгарылган.

**4-жыйынтык.** Окуу китебиндеги материалдардын берилиши, окуу программасына ылайык иштелген сабактардын моделдери жана окуу-методикалык аппараты, көнүгүүлөр системасынын берилиши менен байланыштуу. Окуу китебинин жабдылышы, түстүү сүрөт, схема, таблицалар менен шөкөттөлүшү, көнүгүүлөрдүн түрлөрүнүн берилиши, окуучунун өз алдынча иштөөсүнө арналган оозеки жана жазуу жүзүндөгү тапшырмалардын болушу окуу китебинин лингводидактикалык сапатын жогорулаткан.

## V. Диссертациялык иштеги илимий жыйынтыктардын жыңылык децгээли

1-2-жыйынтыктар жарым-жартылай жаңы болуп саналат. Анткени илимий-методологиялык эмгектерге анализ жүргүзүп, аларды талдоого алуу бизге чейин эле колго алынып келген.

2-4-жыйынтыктарды жаңы деп эсептөөгө толук негиз бар, себеби 5-класстын кыргыз тили окуу китебинин лингводидактикалык негиздеринин окуу китептерине коюлуп жаткан соңку теориялык-дидактикалык талаптарга шайкеш иштелип чыгышы менен, аталган окуу китеп, мектептерде негизги окуу китеп катары колдонулуп жатат.

**VI. Алынган жыйынтыктардын ички биримдигин баалоо**

Изилдөөдө алынган илимий-методологиялык жыйынтыктар ички биримдикке, улантуучулук мүнөзгө, логикалык ырааттуулукка, маани-маңыздык байланыштуулукка ээ.

**VII. Алынган жыйынтыктардын тиешелүү актуалдуу проблемага, теориялык, методологиялык же колдонмо маселеге багытталышын баалоо**

Айнура Койлубаеванын диссертациялык иши окутуунун теориясы жана методологиясы илиминдеги изилдөөгө алына элек, тагыраак айтканда, 5-класстын "Кыргыз тили" окуу китебинин лингводидактикалык негиздеринин соңку теориялык-дидактикалык шайкеш иштелип чыккан. Диссертациянын жыйынтыктары, материалдары, жоболору илимий-методологиялык, билим берүүчүлүк, практикалык түшүнүүчүлүк мааниге ээ.

**VIII. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, бүтүндүгүнүн жетиштүү санда жарык көрүшү**

Диссертациялык изилдоөдөн алынган негизги жыйынтыктар, көрсөткүчтөр, бүтүм-корутундулар республикалык илимий-практикалык конференцияларда окулган, мектеп мугалимдери менен жолугушууларда талкуугa алынган, методикалык макалалар жарыяланган. 5-класстын "Кыргыз тили" окуу китеби иштелип чыгып, КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталып, мектептерде колдонулууда.

Изилдөө ишинин негизги мазмуну 9 илимий макалада, анын ичинен, РИНЦке тиешелүүсү 2 макала, буга кошумча 5-класстардын кыргыз тили

боюнча вариативдүү, негизги жана жаңы муундагы окуу китептери жана 4 методикалык колдонмо басылып чыккан.

### IX. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши

Автореферат диссертациялык иштин мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаты менен милдеттерине шайкеш келет. Авторефератта диссертациянын кеңири идеялары, жыйынтыктарынын жазылышы, автордун кошкон салымы, жаңылыгынын даражасы, изилдөөнүн практикалык баалуулугу көрсөтүлгөн. Авторефератка коюлуучу талаптар толук сакталган.

### X. Диссертациялык иштин мазмунунда жана түзүлүшүндө кездешкен айрым кемчиликтер

Диссертациялык иш боюнча төмөндөгүдөй айрым сунуштарды, сын пикирлерди айтууга болот:

1. Иштин 2-бөлүмүндө кыргыз тили окуу китептери алардын сабак берүүгө кошкон салымы, орду жана барк-баасы тууралуу практик мугалимдердин пикирлерин угуу максатында анкета түзүп, аларды Чүй, Нарын, Ысык-Көл областтарында таратып бердик деп жазылат. Ушул жерден аталан областтарынын конкреттүү мектептеринин аты аталса, кайсы мектептердин мугалимдери катышкандыгы конкреттүү аттары аталса болор эле
2. Библиографияны берүү формасын КР ЖАКтын Инструкциясынын талаптарына ылайыктап кайра оңдоп чыгуу керек.
3. Текстте кезиккен орфографиялык, пунктуациялык каталарды оңдоо зарыл.

### XI. Диссертациянын КР ЖАКтын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун” талаптарына ылайык келиши

Койлубаева Айнура Кадырбаевнанын “Кыргыз тили” окуу китебин түзүүнүн лингводидактикалык негиздери (5-класстын мисалында) аттуу диссертациясы ЖАКтын кандидаттык диссертацияларына коюлуучу талаптарына жооп берет, ал эми анын автору 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Расмий оппонент, И.Абдраимов атындагы
Кыргыз авиациялык
институтунун п.и.к., доцент Сагынбаева Г.И.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ
И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

Дата получения 18.01.2021 г.
отзыва в ДС
15.01.2021

«БЕКИТЕМИН»
С. Нааматов атындагы Нарын
мамлекеттик университетинин
илимий иштер жана өнүктүрүү
боюнча проректору, ф.и.д.,
профессордун м.а. А. С. Жантаев
______________________
«15» январь 2021-ж

**Жетектөөчү мекеме С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын Койлубаева Айнура Кадырбаевнанын "Кыргыз тили" окуу китебин түзүүнүн лингводидактикалык негиздери" (5-класстын мисалында) 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденин алуу үчүн жазган диссертациясына**

**ПИКИРИ**

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Талкууга коюлган изилдөөнүн **максаты** 5-класстын кыргыз тили окуу китебинин лингводидактикалык негиздерин аныктоо жана окуу китебин иштеп чыгуу, аны педагогикалык эксперименттик тажрыйбадан өткөрүү жана колдонууга сунуш кылуу болуп саналат. Чынында азыр Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүчү орто мектептердин окуу китептерин заман талабына ылайыктап түзүү маанилүү проблема болуп турат. Мына ушуну эске алсак, бул изилдөөнүн **актуалдуулугу** эч күмөн жаратпайт.

Изилдөөдө кыргыз тили окуу китебинин лингводидактикалык негиздерин аныктоону, колдонууга сунуш кылууну кыргыз тилин окутуунун методикасы илиминин изилдөө объектисине, предметине айлантууга, кыргыз тили окуу китебинин мазмунуна, түзүлүшүнө, дидактикалык жабдылышына өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүүгө өзгөчө көңүл бурулган. Аталган маселе боюнча тыянактар менен сунуштар кыргыз тили окуу китебинин сапатын жакшыртууну камсыздоо үчүн зарыл болуп эсептелет.

Диссертациялык иштин **илимий жаңылыгын** 5-класстын "Кыргыз тили" окуу китебинин лингводидактикалык негиздеринин окуу китептерине коюлуп жаткан соңку теориялык-дидактикалык талаптарга шайкеш иштелип чыгышы түзүп турат. Арийне, бул жаатта изденүүчү маанилүү эмгек жасаган, ал конкреттүү класстын окуу китебинин лингводидакткиалык негиздерин иштеп чыга алган. Изилдөөнүн натыйжалары педагогикалык экспериментте тастыкталган. Изденүүчүнүн авторлоштугу менен 5-класстын "Кыргыз тили" окуу китеби жана мугалимдер үчүн усулдук колдонмосу даярдалып, мектеп мугалимдеринин жана окуучулардын колдонуусуна берилген. Кыргыз тили

24 18 01 2021

боюнча окуу китептерин мазмундук жактан жакшыртуу, өркүндөтүү сунуштары берилген.

**2. Жеке автор тарабынан алынган илимий натыйжалар жана алардын илим жана практика үчүн мааниси.** А. К. Койлубаеванын изилдөөсүндө кыргыз тилин окутуунун методикасы илими үчүн манаилүү бир катар тыянактар чыгарылган.

Изилдөөнүн натыйжаларынын **илим үчүн мааниси**, анын теориялык жана практикалык тыянактары изденүүчүнүн авторлоштугу менен түзүлгөн 5-класстын "Кыргыз тили" окуу китеби сымал башка окуу китептерин түзүүдө колдонула алары, жалпы эле кыргыз тили боюнча оку укитептерин түзүүнүн лингводидактикалык негиздерин аныктап бергени менен шартталат. Диссертант өзү келген тыянактар негизделген жана ишеничтүү, анткени колдо бар теориялык-методологиялык базага жана эксперименттик изилдөө тажрыйбасына таянып чыгарылган.

Иштин натыйжаларынын **практикалык мааниси**, алар кыргыз тилин окутуу методикасы боюнча усулдук колдонмолорду түзүүдө майнаптуу пайдаланыла ала турганы менен белгиленет. Ошондой эле аларды орто мектептердеги жана ЖОЖдордогу конкреттүү окуу процессинде да колдонууга болот.

**3. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүк даражасы.** Изилдөөнүн жыйынтыктары изилдөөнүн темасы менен байланышкан илимий булактарды терең талдоо, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жалпылоо, илимий-теориялык тыянактарды апробациялоо максатында педагогикалык экспериментти жүргүзүүсү менен бекемделген.

**1-натыйжа** ишенимдүү жана илимий негизделген, илимий-тарыхыйлуулук принцибине таянып илимий-теориялык талдоолор жүргүзүлгөн. "Кыргыз тили" окуу китебин иштеп чыгуу, колдонуу иш-аракеттеринин тарыхы бир кылымдан ашык. Бул мезгилде окуу китебин түзүүнүн бир катар алгылыктуу тажрыйбалары топтолгон. Ал тажрыйбалар кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарга жараша өзгөртүү, толуктоолор менен окуу китебин түзүүдө пайдаланылышы талапка ылайык. Айрыкча И. Арабаев, К. Тыныстанов, К. Бакиев, А. Шабданов, А. Жапаров, Б. Үмөталиева, К. Добаев, А. Муратов, Ж. Чыманов ж.б. агартуучу-окумуштуулардын тажрыйбалары эске алынышы зарыл.

**2-натыйжа**. Азыркы талаптарга ылайык "Кыргыз тили" окуу китептерин түзүүдө анын мазмунунда компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун материалдары түзүшү шарт. Окуу китебинде берилген теориялык-грамматикалык материалдар алардын кепте жана текстте колдонулушу менен биримдикте берилиши, алар окуучулардын кеп ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүгө кызмат кылуучу каражаттар катары азыркы талаптардын негизи болуп саналат.

**3-натыйжа.** “Кыргыз тили” окуу китебинде берилген бардык билимдер, аларды өздөштүрүү өз алдынча жүргүзүлбөстөн, кеп ишмердүүлүгү жана конкреттүү тексттерди талдоо, өздөштүрүү жана текст түзүү менен күтүлгөн натыйжаларга жетүүгө өбөлгө түзүлөт. Окуу китебинде окуучулар өз алдынча текст түзүүлөрүнө карата ар түрдүү тапшырмалардын берилиши жакшы натыйжа берет. Окуучу өз оюн оозеки жана жазуу формасында толук жана эркин берүүгө көнүгүшү шарт.

**4-натыйжа.** “Кыргыз тили” окуу китебинин мазмунунда грамматикалык материалдар менен бирге эле окуучунун таанып-билүүчүлүк, жүрүм-турумдук жана баалуулук көндүмдөрүн калыптандырып, өркүндөтүүгө кызмат кылуучу маалыматтар да камтылышы талап кылынат. Ал үчүн кыргыз макал, ылакаптары, накыл сөздөрү, кыргыз тарыхын, маданиятын, дүйнө таанымын, эне тилге болгон мамилесин чагылдырган, класстагы окуучулардын курак өзгөчөлүктөрүнө ыңгайлаштырылган чакан тексттер окуу китебине берилиши мезгил талабы.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу.** Изилдөөнүн практикалык мааниси: Аныкталган 5-класстын “Кыргыз тили” окуу китебинин лингводидактикалык негиздерине таянуу менен аталган класстын “Кыргыз тили” окуу китеби иштелип, орто мектепте, практикада, колдонулуп жатышы менен аныкталат.

**5. Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана тыянактарынын жарыяланышынын тастыкталышы.** Диссертациянын авторефератында 16 илимий эмгек көрсөтүлгөн. Алардын ичинде 3 окуу китеби, 4 методикалык колдонмо жана 9 илимий макала бар. 2 илимий макала болсо РИНЦ системасында жарыяланган.

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын ар кандай деңгээлдеги жыйындарда, илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда талкууланып жана тиешелүү басылмаларда жарыяланып тургандыгын далилдейт.

**6. Автореферattын диссертациянын мазмунуна ылайык келиши.** Автореферат диссертациялык иштин мазмуна, анда коюлган максатына, милдеттерине дал келет, илимий аппаратын жана коргоого алып чыккан негизги жоболорун чагылдырат, изилденип жаткан проблеманын теорияда жана практикада иштелип чыккандыгын ачып көрсөтөт, коюлган милдеттерди чечүүнүн ыраттуулугун кароого мүмкүндүк берет.

Автореферат киришүүдөн, негизги бөлүктөрдөн, корутундудан, колдонулган жарыяланган эмгектердин тизмесинен турат. Автореферат кыргыз, орус, англис тилдериндеги бирдей түзүлгөн резюмеси бар.

**7. Диссертациянын мазмунундагы жана жасалгалоодогу кемчиликтер.** Диссертациялык иште жогоруда белгиленген жетишкендиктер менен катар айрым кемчиликтер бар. Алсак, изилдөөдө 5-класстын “Кыргыз тили” боюнча окуу китебин түзүүдөгү мурдагы

тажрыйбалардын оң-терс жактары, изденүүчүнүн катышуусу менен түзүлгөн окуу китебинде мурдагы авторлордун китептерине салыштырмалуу кандай жаңылыктар киргизилгени толук чагылдырылбай калганын белгилөөгө болот. Мындан тышкары, айрым бир механикалык каталар учурайт.

**8. Диссертациянын Кыргыз Республикасында «Окумуштуулук даражаны ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жобого» ылайык коюлган талаптарга туура келиши.** Койлубаева Айнура Кадырбаевнанын "Кыргыз тили" окуу китебин түзүүнүн лингводидактикалык негиздери" (5-класстын мисалында) 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясы бүткөрүлгөн жана өз алдынча аткарылган, мектеп окуучуларына тилдик багыт берүүнүн маселесине арналган илимий иш болуп саналат.

Диссертациянын натыйжалары менен тыянактарын **колдонуу боюнча сунуштар**. Биз кыргыз тили боюнча, дегеле жалпы билим берүүчү орто мектептерде өтүлүүчү калган башка предметтер боюнча ар бир жаңы иштелип чыккан окуу китептерин педагогикалык эксперименттик текшерүүлөрдөн өткөрүү, алардын өркүндөтүлгөн жаңы варианттарын иштеп чыгуу жаатындагы ишти активдештирүү, улантуу максатка ылайыктуу деп эсептейбиз. Бул болсо жаңы муундагы сапаттуу окуу китептеринин пайда болуусуна алып келип, анын натыйжасында орто мектепгердеги билим берүүнүн сапатын жогорулатууга өбөлгө түзүлөт.

**Корутунду.** Жогоруда айтылгандардын негизинде илимий ишти педагогиканын теориясында жана практикасында илимий-теориялык мааниге ээ болгон, проблеманы чечүүгө салым кошкон эмгек катары баалоого болот. Койлубаева Айнура Кадырбаевнанын "Кыргыз тили" окуу китебин түзүүнүн лингводидактикалык негиздери" (5-класстын мисалында) 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган кандидаттык диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын «Окумуштуулук даражаны ыйгаруу жөнүндөгү жоболордун» 9 пунктундагы талаптарга жооп берет, анын автору 13.00.02—окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Жетектөөчү мекеме Койлубаева Айнура Кадырбаевнанын кандидаттык диссертациясын Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин отурумунда коргоого сунуштайт.

Диссертацияга жана авторефератка пикир жетектөөчү мекеменин – С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын 2021-жылдын 15-январындагы отурумунда №5 протокол менен даярдалды.

**Отурумга катышкандар:** п.и.к., доцент Б. Аман кызы; ф.и.д., профессор А. С. Жантаев; п.и.к., доцент Н. А. Бийгелдиева; ф.и.к., доц.м.а А. К. Чолпонбаев; ф.и.к., доц.м.а Г. Сатылган кызы; ф.и.к., окутуучу Т. А. Өмүрканов; ф.и.к., окутуучу Т. С. Дүйшеева; окутуучу Г. С. Үсөналиева; окутуучу Т. Аскар уулу; окутуучу З. Т. Исакбаева; окутуучу А. С. Мукашова; катчы Э. Керимкулова.

**Отурумдун төрайымы, п.и.к., доцент** **Б. Аман кызы**

**Отурумдун катчысы** **Э. Керимкулова**

Отурумдун төрайымы Б. Аман кызынын жана катчысы Э. Керимкулованын койгон колдорунун тууралыгын тастыктайм

**Кадрлар бөлүмүнүн башчысы** **М. Акматалиева**

Дата поступления отзыва в ДС Д 13.20.623 18.01.2021г Уч. секр. Осмонбаев Д.К.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ